Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

2008-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн

2008-жылдын октябрь айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрагасы: | З. Чокоев, |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Абдыбалы тегин С., |
| | Ш. Молдоканов, |
| | С. Урустемов, |
| | Г. Исакова. |
| Жооптуу катчы: | А. Бердигулова. |

*Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган жана анда тышкы сектордун өнүгүүсүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылып, төлөм теңдеми, тышкы соода, эларалык камдар, тышкы карыз жана эларалык инвестициялык позиция боюнча статистикалык маалыматтар ошондой эле, төлөм теңдемин түзүү ыкмалары жана маалымат базасы камтылат. Басылма жылына 4 жолу – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2008-жылдын 20-октябры.**

## Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;

- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994 - 1996-жылдар же январь - июнь айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 66-90-57, 66-90- 56 телефондору,
(996 312) 66-90-55, 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: aberdigulova@nbkr.kg

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөртүлгөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2008-жыл.

Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

ЖЧК "UnitPrint" полиграфия комплексинде басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
Бишкек ш., Садыгалиев көчөсү, 1а.
Тел.: (312) 35 71 80
Факс: (312) 35 71 67.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акчакредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Басылма, республикадагы жана анын региондору боюнча керектөө бааларынын динамикасын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтарды камтуу менен кийинки мезгил аралыгына инфляциялык болжолдоолорду берет. Басылма чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Финансылык ортомчу катары банк тутумунун абалына, ошондой эле курамдык элементтери боюнча анын туруктуулугуна иликтөөлөрдү жүргүзүү "Банк системасынын өнүгүү тенденциялары" басылмасында келтирилген. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо, бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

Басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйругу менен бекитилген тизмеге ылайык таркатылат жана Улуттук банктын Web-баракчасында http:\\www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси**

| | |
|---|---|
| АКЖО | - Акчакредиттик жөнгө салуу органдары |
| АКУ | - Атайы карыз алышуу укугу |
| АӨБ | - Азия өнүгүү банкы |
| ДБ | - Дүйнөлүк банк |
| ДТК | - Дүңүнөн алгандагы тышкы карыз |
| ЕШК | - Европа Шериктештиги Комиссиясы |
| ЖМК | - Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| ЖТК | - Жалпы тышкы карыз |
| ИДП | - Ички дүң продукт |
| КБ | - Коммерциялык банктар |
| КБИ | - Керектөө бааларынын индекси |
| КМШ | - Көзкарандысыз Мамлекеттердин шериктештигине кирген өлкөлөр |
| КР | - Кыргыз Республикасы |
| МБИ | - Мамлекеттик бажы инспекциясы |
| МИП | - Мамлекеттик инвестициялык программа |
| МКВ | - Мамлекеттик казына векселдери |
| МТК | - Мамлекеттик тышкы карыз |
| НЭАК | - Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ӨЭУ | - Өкмөттүк эмес уюмдар |
| РЭАК | - Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | - Импортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| ТЖ | - Техникалык жардам |
| ТЭИТН | - Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| УСК | - Улуттук Статистика комитети |
| ФМ | - Финансы министрлиги |
| ФОБ | - Экспортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| ЭВФ | - Эларалык Валюта Фондусу |
| ЭСТК | - Эларалык стандарттык товардык классификация |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин учурдагы абалы** ........ 7
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер** ........ 15
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө) ........ 16
I.2-таблица. Экспортту ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ........ 24
I.3-таблица. Экспортту ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ........ 24
I.4-таблица. Импортту ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ........ 25
I.5-таблица. Импортту ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча бөлүштүрүү ........ 25
I.6-таблица. Экспортту функционалдык бөлүштүрүү ........ 26
I.7-таблица. Экспортту географиялык бөлүштүрүү ........ 26
I.8-таблица. Импортту функционалдык бөлүштүрүү ........ 27
I.9-таблица. Импортту географиялык бөлүштүрүү ........ 27
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ........ 28
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ........ 30
I.12-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун физикалык көлөмү ........ 32
I.13-таблица. Баалардын индекси жана импорттун физикалык көлөмү ........ 33
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ........ 34
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ........ 34
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ........ 35
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ........ 36
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ........ 37
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ........ 38
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ........ 39
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ........ 40
I.21-таблица. БАЭ товарлардын экспорту ........ 41
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ........ 42
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ........ 43
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ........ 43
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ........ 44
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ........ 45
I.26-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ........ 46
I.27-таблица. Украинадан товарлардын импорту ........ 47
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ........ 48
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ........ 49
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ........ 50
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ........ 51
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ........ 52
I.33-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ........ 53
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ........ 54
I.1-график. Алмашуу курсу жана номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ... 55
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстери ........ 56
I.36-таблица. Кыргыз Республикасына четөлкө тике инвестицияларынын таза агылып келүүсүнүн географиялык түзүмү ........ 58
I.37-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык ишкердиктин түрлөрү боюнча тике четөлкө инвестициялары ........ 58
I.38-таблица. Эларалык камдар ........ 59
I.39-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы ........ 59
I.40-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрлөрү боюнча түзүмү ........ 60
I.41-таблица. Кыргыз Республикасынын эларалык инвестицияларынын балансы ........ 61
I.42-таблица. Кыргыз Республикасынын четөлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин динамикасы ........ 62
**II тиркеме.**
II.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары ........ 63

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

Күндөлүк операциялар эсеби терс калыптануу менен 451,7 млн. АКШ долларын же ИДПга карата 11,5 пайызды түзгөн.

**1-график. Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДПга карата пайыздарда*




## СООДА БАЛАНСЫ

Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгында 2007-жылдын ушул эле мезгилиндегисине салыштырганда 41,5 пайызга көбөйүү менен 2 435,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2-график: Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*ИДПга карата пайыздарда*




Импорттун өсүш арымынын экспорттун өсүш арымынан артышы соода балансынын 943,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдосун аныктаган, бул 2007-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы соода балансынын түптөлгөн тартыштыгынан дээрлик эки эсе ашат.

**Товарлардын** ФОБ баасындагы **экспорту** өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегисине салыштырганда 22,8 пайызга көбөйгөн жана нарктык көрсөткүчүндө 745,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук мезгилде энергопродуктыларынын КМШ өлкөлөрүнө реэкспортунун өсүшү (2007-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 2,6 эсеге) жана алыскы чет өлкөлөргө алтындын экспортунун (56,2 пайызга) өсүшү катталган.

Каралоого алынып жаткан мезгил ичинде экспортту функционалдык бөлүштүрүүнүн бардык статьялары боюнча өсүш катталган. Кыргыз Республикасы тарабынан тышкы рынокко, эң оболу, аралык товарлар (товарлардын экспортунун жалпы көлөмүндө салыштырмалуу салмагы - 43,8 пайыз), керектөө товарлары (23,5 пайыз) жана энергопродуктылары сунушталган (22,5 пайыз).

**1-таблица. Товарлардын экспорту**
*(млн. АКШ долларында)*

| | 04 1 жж | 05 1 жж | 06 1 жж | 07 1 жж | 08 1 жж |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт (ФОБ) | 342,9 | 329,2 | 430,6 | 607,2 | 745,9 |
| Өсүш арымдары *(пайыздарда)* | *44,9* | *-4,0* | *30,8* | *41,0* | *22,8* |

2008-жылдын биринчи жарым жылдыгында экспорттун географиялык түзүмүндө алыскы чөтөлкөлөр менен КМШ өлкөлөрүнүн салыштырмалуу салмагы, тиешелүүлүгүнө жараша 50,2 жана 49,8 пайыз чегинде катталган.

Алыскы чөтөлкөлөргө экспорттун көлөмү 323,7 млн.АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги мааниден 17,3 пайызга көп. Экспорттун эң чоң үлүшү Швейцария (алыскы чет өлкөлөргө экспорттун жалпы көлөмүнүн 44,0 пайызы), Бириккен Араб Эмираттарына (11,7 пайыз), Афганистанга

(10,6 пайыз) жана Кытайга (7,5 пайыз) багытталган. Отчеттук мезгил ичинде Швейцарияга экспорттук берүүлөр, өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 32,2 пайызга өсүү менен 142,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул өлкөгө экспорттун товардык түзүмүн, ага карата дүйнөлүк баанын өсүшүнүн эсебинен берүүлөрдүн нарктык көлөмү көбөйгөн алтын түзгөн. Бириккен Араб Эмираттарына алтындын экспортунун калыбына келтирилишин, отчеттук мезгилдин айрымлоочу белгиси катары атоого болот, мындай жагдай 2005-жылы катталган эле. Ошентип, кароого алынып жаткан мезгилде жогоруда аталган өлкөгө алтындын экспортунун көлөмү 26,9 млн. АКШ долларын түзүү менен ушул өлкөгө экспорттун 71,2 пайызын камсыз кылган. Мындан тышкары, иликтөөгө алынган мезгилде Бирикке Араб Эмираттарына авиакеросиндин реэкспортунун өсүшү байкалган. Афганистанга товарлардын экспорту 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 60,3 пайызга кыскаруу менен 34,4 млн. АКШ долларында катталган, бул мунайзаттарынын реэкспортунун көлөмүнүн төмөндөшү менен түшүндүрүлөт. Кытайга экспорт өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга салыштырганда 17,4 пайызга өскөн жана 24,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул мамлекетке экспорттун товардык түзүмүндө ири мүйүздүү мал терилерин, авиакеросинди (реэкспорт) жана ар кандай химиялык заттарды берүүлөрдүн өскөндүгү катталган, алар алюминий жана булгаары сыяктуу товарлардын экспортунун кыскаруусунун ордун жапкан.

КМШ өлкөлөрүнө экспорт жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча 38,9 пайызга өсүү менен 321,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Иликтөөгө алынып жаткан мезгил ичинде КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Россия (КМШ өлкөлөрүнө экспорттун жалпы көлөмүнүн 44,4 пайызы) Казахстан (26,1 пайыз), Өзбекстан (23,0 пайыз) экспорттук операциялар боюнча ири өнөктөштөрдөн болгон. Россияга экспорт отчеттук мезгил ичинде 39,0 пайыздык өсүш менен мүнөздөлгөн жана ал 142,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул өлкөгө экспорттун түзүмүндө кийим-кечелер, тапталган айнек, жаңы үзүлгөн жашылча-жемиштер, авиакеросин (реэкспорт), пахта сыяктуу товарлар басымдуу болгон. Казахстанга экспорт өтүп жаткан жылдын кароого алынып жаткан мезгилинде 4,1 пайызга кыскаруу менен 83,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай жагдай энергопродуктыларын, кийим-кечелерди, курулуш материалдарын берүүлөрдүн кыскарышы менен мүнөздөлөт. Өзбекстанга экспорттун көлөмүнүн олуттуу өсүшүн (3,2 эсеге) мунайзаттарын (реэкспорт) берүүлөрдүн артышы менен түшүндүрүүгө болот.

**Товарлардын** ФОБ баасындагы и**мпорту** 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгында 1 689,4 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчтөн 51,7 пайызга жогору.

**2-таблица. Товарлардын импорту**
*(млн. АКШ долларында)*

| | 04 1 жж | 05 1 жж | 06 1 жж | 07 1 жж | 08 1 жж |
|---|---|---|---|---|---|
| Импорт (ФОБ) | 407,2 | 479,8 | 691,4 | 1113,5 | 1689,4 |
| Өсүш арымдары *(пайыздарда)* | *36,1* | *17,8* | *44,1* | *61,0* | *51,7* |

Импорттун функционалдык түзүмү бардык статья боюнча өсүштүн катталышы менен мүнөздөлгөн. Импорттун негизги үлүшү керектөө багытындагы товарларга (товарлардын импортунун жалпы көлөмүнүн 33,8 пайыз) жана энергопродуктыларына туура келген (30,6 пайыз).

Географиялык түзүмгө ылайык импорттук операциялар боюнча негизги өнөктөштөрдөн болуп, КМШ өлкөлөрү саналган, алардын үлүшүнө импорттун жалпы көлөмүнүн 55,6 пайызы туура келет. Алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 44,4 пайызды түзгөн.

КМШ өлкөлөрүнөн 85,3 пайыз чегиндеги импорт Россиядан жана Казахстандан алынган товарлар менен камсыз кылынган. Бул өлкөлөрдөн отчеттук мезгил ичинде эң башкысы, мунайзаттары, машиналар жана транспорттук жабдуулар, тамак-аш азыктары, кара металлдан жасалган буюмдар, химиялык заттар жана ушундай эле продукциялар импорттолуп алынган.

Кароого алынып жаткан мезгилде алыскы чет өлкөлөрдөн импорт 2,1 эсеге өсүү менен

802,2 млн. АКШ доллары деңгээлине жеткен. Бул топко кирген өлкөлөрдүн ичинен Кытай (алыскы чет өлкөлөрдөн импорттун жалпы көлөмүнүн 34,6 пайызы), Германия (17,2 пайыз), Япония (9,6 пайыз) жана АКШ (7,3 пайыз) эң ири импортер өлкөлөрдөн болгон. Отчетук мезгилде Кытайдан импорт 2,1 эсеге өсүү менен нарктык көлөмүндө 277,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул өлкөдөн негизинен текстиль материалдарынан кездемелерди, ар кандай кол шаймандарын, машиналарга керектүү шаймандарды,транспорттук жабдууларды, кийим-кечелерди жана бут кийимдерди берүүлөр өскөн. Германиядан (2007-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 6,1 эсеге) жана Япониядан (16,3 эсеге) импорттун олутуу өсүшүнүн себеби болуп, алып-сатарлардын соода жүргүзүүсүн статистикалык эсепке алуунун жакшыруусу саналат. Отчеттук мезгил ичинде АКШдан импорт 19,1 пайызга өсүү менен 58,8 млн. АКШ долларын түзгөн. АКШдан импорттун товардык түзүмүн үй канаттууларынын эти, медикаменттер жана жеңил автомобилдер сыяктуу товарлар түзгөн.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БАЛАНСЫ

Кызмат көрсөтүүлөр балансы 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгында 40,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо түптөлгөн. Ушуну менен эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгы, өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегисине салыштырганда 1,7 пайызга азайган. Мында кызмат көрсөтүүлөр экспорту 67,6 пайызга көбөйүп, импорт 2007-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга караганда 57,5 пайызга өскөн.

**3-график. Эларалык кызмат көрсөтүүлөр балансы**
*ИДПга карата пайыздарда*




2008-жылдын 6 айынын жыйынтыгы боюнча резидент эместерге сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмү 405,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Өткөн мезгилдердегидей эле, кызмат көрсөтүүлөрдүн олуттуу бөлүгү «кыдыруулар» (жалпы экспорттун 42,2 пайызы), «транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» (23,6) жана «Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр» (10,3) статьяларына туура келген. Бул жерде ошондой эле, «Жана башка кызмат көрсөтүүлөр» статьясы боюнча экспорттун 3,5 эсеге көбөйүүсүн белгилеп кетүү зарыл, анын натыйжасында жалпы экспорттогу алардын үлүшү 11,5 пайызды түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде кызмат көрсөтүүлөр импортунун көлөмү 446,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Импортто мурдагыдай эле эң чоң үлүштү «Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» (47,7 пайыз), «Кыдыруулар» (29,0) жана «Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр» (9,9) статьялары ээлейт. Ушуну менен катар эле, «Курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр» статьясы боюнча импорттун олуттуу өсүшү катталган: (базистик мезгилдегиге салыштырганда 6,6 эсе).

## КИРЕШЕЛЕР

2008-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча кирешелер балансынын сальдосу 66,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс калыптанган, бул өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчүнөн 72,7 пайызга жогору.

Бул статьянын балансынын терс сальдосу резиденттердин «Тике инвестициялар боюнча кирешелер» статьясы боюнча чыгашаларынын көбөйүүсүнө байланыштуу келип чыккан. Алсак, 2007-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда «Тике инвестициялар боюнча кирешелер» статьясынын терс сальдосу 64,4 пайызга көбөйүү менен 51,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Реинвестицияланган кирешелер боюнча төлөмдөрдүн көбөйүүсү жана тике четөлкө инвесторлору тарабынан берилген кредиттер боюнча пайыздык төлөмдөрдүн өсүшү бул өзгөрүүгө эң эле олуттуу таасирин тийгизген.

Ал эми «Башка инвестициялар боюнча кирешелер» статьясы 2007-жылдын ушул эле мезгилиндеги 3,3 млн. АКШ долларын түзгөн оң маанисине салыштырганда, 4,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс сальдодо калыптанган. Бул көрсөткүчтүн терс сальдосу четөлкө кредиттери боюнча төлөнгөн пайыздардын суммасынын артышы менен шартталган.

2008-жылдын биринчи жарым жылдыгында «Эмгекке төлөөлөр» статьясынан сальдосу 11,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс чыккан. Мында, өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегисине караганда бул көрсөткүч 5,1 пайызга көбөйгөн.

## КҮНДӨЛҮК ТРАНСФЕРТТЕР

Мурдагыдай эле күндөлүк трансферттердин балансынын оң сальдосу 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгында 598,9 млн. АКШ долларын түзгөн жана өткөн жылдын көрсөткүчүнөн 1,5 эсеге ашкан. Мындай өсүш чет өлкөлөрдө иштеп жаткандардын акчалай которууларынын агымынын артышы менен камсыз кылынган, алар трансферттердин түзүмүндө эң чоң салыштырмалуу салмакты ээлейт. Мында, акча которуулардын сальдосу керектөө товарларынын таза экспортунун ордун жабат жана ал да өз кезегинде 458,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү тартыштыгы менен түзүлгөн.

**4-график. Акчалай которуулардын жана керектөө товарларынын экспортунун сальдосу**

*ИДПга карата пайыздарда*




Расмий трансферттердин таза агылып кирүүсү өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 22,6 пайызга көбөйүү менен 15,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул эң башкысы мамлекеттик сектор тарабынан алынган товардык гранттардын кыскаруусуна байланыштуу.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

2008-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча **капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин** балансы 106,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2007-жылдын ушул эле мезгилиндегисине караганда 38,3 пайызга аз.

**5-график. Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби**

*ИДПга карата пайыздарда*




**Капитал менен операциялар эсебинин** терс сальдосу отчеттук мезгил ичинде, 2007-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы салыштырмалуу көрсөткүчкө караганда 68,3 пайызга кыскаруу менен 16,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Бул эң башкысы «Мигранттардын трансферттери» эсеби боюнча каражаттардын таза агылып чыгуусунун кыскаруусуна байланыштуу келип чыккан.

Отчеттук мезгил ичинде **финансы эсебинин** оң балансы 2007-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга салыштырганда 45,1 пайызга азайуу менен 122,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган.

**Тике четөлкө инвестициялары** боюнча таза агылып кирүү 24,3 пайызга көбөйүү менен 139,5 млн.АКШ долларын түзгөн. Төлөм

теңдеминин ушул компоненти боюнча капиталдын таза агылып кирүүсү бардык статьялар боюнча байкалган. Тике четөлкө инвестицияларынын түзүмүндө негизги үлүш тике инвестициялардын таза агымынын жалпы көлөмүндө 63,9 пайызды түзгөн «Жана башка капитал» статьясына туура келген. Бул статья боюнча өсүш, эң оболу тике четөлкө инвесторлорунан кредиттик каражаттардын түшүүсүнүн артышына байланыштуу болгон.

**Портфелдик четөлкө инвестициялары боюнча** капиталдын таза агылып чыгуусу 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгында 1,5 эсеге көбөйүү менен 20,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Кыргызстандык резиденттердин четөлкө баалуу кагаздарына салымдарынын артышынан жана Кыргызстандын баалуу кагаздарына инвестициялык агылып кирүүлөрдүн жоктугунан улам, мына ушундай өсүш келип чыккан.

Кароого алынып жаткан жылы **«Башка инвестициялар»** боюнча оң баланс 120,5 млн. АКШ долларына кыскаруу менен 2,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай өзгөрүү айрыкча алардын тышкы милдеттенмелеринин төмөндөшү шартында, Кыргыз Республикасынын резиденттеринин ушул статья боюнча тышкы активдеринин кескин көбөйүүсүнө байланыштуу келип чыккан.

Активдердин көбөйүүсү, эң башкысы, коммерциялык банктардын четөлкө активдеринин көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн, ошентип ал ушул статья боюнч капиталдын агылып чыгуусун шарттаган.

Ошону менен бирге эле, «Башка инвестициялар» статьясы боюнча милдеттенмелердин 19,5 пайызга төмөндөшү байкалган, кыргыз банктарынын резидент эместердин алдындагы милдеттенмелеринин төмөндөшү анын негизги себебинен болгон.

2008-жылдын кароого алынып жаткан мезгили ичинде **«Каталар жана калтырып кетүүлөр»** статьясы 328,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү оң сальдодо чыккан, ошентип 2007-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 2,7 эсеге көбөйгөн. Бул статьянын оң сальдосунун өсүшү республикага капиталдын агылып кирүүсүнө байланыштуу операциялардын толук эсепке алынбай жатышынын артышын далилдөөдө.

Ошентип, жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча **төлөм теңдеминин** сальдосу 17,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс чыккан. Мында, отчеттук мезгилдин акырына карата дүң эл аралык камдардын көлөмү 1 231,3 млн. АКШ долларын түзүү менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 3,0 айын жаба алган.

**3-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык түрдө берүүдө)**
***(млн. АКШ долларында)***

| | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 1 ж/ж 2007 | 1 ж/ж 2008 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **28,4** | **-38,4** | **-287,2** | **-228,3** | **-187,8** | **-451,7** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -184,3 | -450,5 | -968,5 | -1 196,4 | -547,7 | -984,3 |
| Соода балансы* | -170,6 | -418,7 | -886,5 | -1 298,5 | -506,2 | -943,5 |
| Экспорт (ФОБ) | 733,2 | 686,8 | 906,0 | 1 337,0 | 607,2 | 745,9 |
| КМШ | 277,6 | 305,3 | 476,1 | 753,1 | 324,2 | 414,1 |
| Алыскы четөлкөлөр | 455,5 | 381,5 | 429,9 | 583,9 | 283,1 | 331,8 |
| Импорт (ФОБ) | 903,8 | 1 105,5 | 1 792,4 | 2 635,5 | 1 113,5 | 1 689,4 |
| КМШ | 554,4 | 641,0 | 925,8 | 1 417,0 | 621,8 | 923,5 |
| Алыскы четөлкөлөр | 349,4 | 464,5 | 866,6 | 1 218,5 | 491,7 | 765,9 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -13,7 | -31,8 | -82,0 | 102,1 | -41,5 | -40,8 |
| Сунушталган кызмат көрсөтүүлөр | 209,8 | 259,4 | 378,7 | 684,3 | 242,0 | 405,5 |
| Алынган кызмат көрсөтүүлөр | -223,5 | -291,3 | -460,8 | -582,2 | -283,4 | -446,3 |
| Кирешелер | -102,2 | -88,2 | -48,2 | -52,4 | -38,4 | -66,4 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -57,6 | -36,0 | -39,8 | -39,5 | -31,3 | -51,4 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,1 | — | 0,1 | 0,2 | 0,1 | 0,3 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -30,5 | -31,8 | 15,8 | 7,7 | 3,3 | -4,2 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -36,3 | -36,2 | -19,9 | -25,7 | -11,4 | -16,5 |
| Башка инвестициялар боюнча ж.б. кирешелер | 5,7 | 4,4 | 35,6 | 33,4 | 14,8 | 12,3 |
| Эмгекке төлөөлөр | -14,2 | -20,4 | -24,2 | -20,8 | -10,5 | -11,1 |
| Күндөлүк трансферттер | 314,9 | 500,3 | 729,5 | 1 020,5 | 398,3 | 598,9 |
| **Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** | **114,5** | **0,9** | **283,8** | **259,4** | **171,8** | **106,0** |
| Капитал менен операциялар эсеби | -19,9 | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -50,4 | -16,0 |
| Капиталдык трансферттер | -19,9 | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -50,4 | -16,0 |
| Финансылык эсеп | 134,4 | 21,5 | 327,6 | 334,2 | 222,2 | 122,0 |
| Тике инвестициялар | 131,5 | 42,6 | 182,0 | 208,1 | 112,2 | 139,5 |
| Портфелдик инвестициялар | -9,5 | 2,3 | -3,0 | -17,7 | -13,3 | -20,3 |
| Финансылык деривативдер | -20,5 | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | 32,8 | -23,4 | 148,6 | 143,9 | 123,3 | 2,8 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | -35,8 | -47,5 | -24,0 | 19,5 | -8,6 | -103,4 |
| Коммерциялык банктар | -63,2 | -15,1 | -17,0 | 37,7 | 32,2 | -53,3 |
| Жана башка активдер | 27,4 | -32,4 | -7,0 | -18,2 | -40,8 | -50,1 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 68,6 | 24,1 | 172,6 | 124,4 | 131,9 | 106,2 |
| Коммерциялык банктар | 42,2 | -11,9 | -26,6 | 66,6 | 60,0 | -1,7 |
| Кредиттер | 49,3 | 18,4 | 66,5 | 44,4 | 30,2 | 36,1 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 56,3 | 17,2 | 54,4 | 28,1 | 14,0 | 13,3 |
| Алынганы | 99,2 | 66,9 | 78,6 | 55,0 | 26,7 | 27,3 |
| Амортизация (графиктер) | -42,9 | -49,7 | -24,2 | -26,9 | -12,7 | -14,0 |
| Жеке секторго кредиттер | -7,0 | 1,2 | 12,1 | 16,4 | 16,2 | 22,8 |
| Алынганы | 15,8 | 10,0 | 25,2 | 40,4 | 29,8 | 30,1 |
| Амортизация (графиктер) | -22,8 | -8,8 | -13,1 | -24,0 | -13,7 | -7,3 |
| Жана башка милдеттенмелер | -23,0 | 17,7 | 132,7 | 13,3 | 41,7 | 71,8 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **-24,2** | **66,6** | **187,2** | **276,3** | **121,5** | **328,0** |
| **Жалпы баланс** | **118,7** | **29,1** | **183,7** | **307,3** | **105,5** | **-17,7** |
| **Каржылоо** | **-118,7** | **-29,1** | **-183,7** | **-307,3** | **-105,5** | **17,7** |
| Улуттук банктын камдары | -160,6 | -80,5 | -169,9 | -306,8 | -102,1 | 3,7 |
| ЭВФтин кредиттери | -3,8 | -12,5 | -23,5 | -20,7 | -11,4 | 5,5 |
| Өзгөчө каржылоо | 45,7 | 63,9 | 9,7 | 20,1 | 8,0 | 8,5 |
| Жана башка каржылоо | — | — | — | — | — | — |

* Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен.

| 2007 | | | | 2008 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | |
| **-126,0** | **-61,8** | **77,1** | **-117,6** | **-255,9** | **-195,8** | **Күндөлүк операциялар эсеби** |
| -245,2 | -302,5 | -242,6 | -406,1 | -416,1 | -568,2 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -204,0 | -302,2 | -324,8 | -467,5 | -419,8 | -523,7 | Соода балансы* |
| 299,6 | 307,6 | 354,0 | 375,7 | 318,3 | 427,6 | Экспорт (ФОБ) |
| 141,8 | 182,4 | 209,9 | 219,0 | 173,1 | 240,9 | КМШ |
| 157,9 | 125,2 | 144,1 | 156,7 | 145,2 | 186,6 | Алыскы четөлкөлөр |
| 503,6 | 609,8 | 678,8 | 843,2 | 738,1 | 951,3 | Импорт (ФОБ) |
| 303,5 | 318,3 | 353,5 | 441,7 | 413,7 | 509,8 | КМШ |
| 200,2 | 291,5 | 325,3 | 401,5 | 324,4 | 441,5 | Алыскы четөлкөлөр |
| -41,1 | -0,3 | 82,1 | 61,4 | 3,6 | -44,4 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 95,3 | 146,6 | 219,7 | 222,5 | 180,6 | 225,0 | Сунушталган кызмат көрсөтүүлөр |
| -136,5 | -147,0 | -137,6 | -161,2 | -176,9 | -269,4 | Алынган кызмат көрсөтүүлөр |
| -30,4 | -8,0 | -11,1 | -2,8 | -51,4 | -15,0 | Кирешелер |
| -28,8 | -2,5 | -11,8 | 3,5 | -44,1 | -7,3 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| 0,1 | — | — | 0,2 | 0,3 | — | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| 3,6 | -0,2 | 5,5 | -1,1 | -2,3 | -1,9 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -4,1 | -7,3 | -4,8 | -9,5 | -7,4 | -9,1 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 7,7 | 7,1 | 10,3 | 8,3 | 5,1 | 7,2 | Башка инвестициялар боюнча ж. б. кирешелер |
| -5,2 | -5,3 | -4,8 | -5,4 | -5,3 | -5,8 | Эмгекке төлөөлөр |
| 149,6 | 248,7 | 330,8 | 291,3 | 211,6 | 387,3 | Күндөлүк трансферттер |
| **66,5** | **105,3** | **9,2** | **78,3** | **45,3** | **60,7** | **Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** |
| -29,3 | -21,2 | -9,2 | -15,3 | -9,1 | -6,9 | Капитал менен операциялар эсеби |
| -29,3 | -21,2 | -9,2 | -15,3 | -9,1 | -6,9 | Капиталдык трансферттер |
| 95,7 | 126,5 | 18,4 | 93,6 | 54,3 | 67,6 | Финансылык эсеп |
| 55,5 | 56,6 | 78,4 | 17,5 | 74,5 | 65,0 | Тике инвестициялар |
| -6,1 | -7,2 | -0,8 | -3,6 | -16,1 | -4,2 | Портфелдик инвестициялар |
| — | — | — | — | — | — | Финансылык деривативдер |
| 46,3 | 77,0 | -59,2 | 79,7 | -4,0 | 6,8 | Башка инвестициялар |
| 20,0 | -28,6 | -16,2 | 44,3 | -9,4 | -94,0 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| 27,5 | 4,7 | -19,4 | 24,9 | 7,1 | -60,3 | Коммерциялык банктар |
| -7,5 | -33,3 | 3,2 | 19,4 | -16,4 | -33,7 | Жана башка активдер |
| 26,3 | 105,6 | -42,9 | 35,4 | 5,3 | 100,9 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| 38,9 | 21,0 | 16,3 | -9,6 | -9,5 | 7,8 | Коммерциялык банктар |
| 16,9 | 13,3 | 11,0 | 3,3 | 14,5 | 21,7 | Кредиттер |
| 3,8 | 10,2 | 9,5 | 4,5 | 5,8 | 7,5 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 6,7 | 20,0 | 15,2 | 13,1 | 8,3 | 19,0 | Алынганы |
| -2,8 | -9,8 | -5,7 | -8,6 | -2,5 | -11,5 | Амортизация (графиктер) |
| 13,1 | 3,1 | 1,5 | -1,2 | 8,7 | 14,2 | Жеке секторго кредиттер |
| 16,8 | 13,0 | 6,2 | 4,4 | 13,0 | 17,1 | Алынганы |
| -3,7 | -10,0 | -4,7 | -5,6 | -4,4 | -3,0 | Амортизация (графиктер) |
| -29,5 | 71,3 | -70,2 | 41,8 | 0,4 | 71,4 | Жана башка милдеттенмелер |
| **64,8** | **56,7** | **21,3** | **133,4** | **126,1** | **201,9** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **5,3** | **100,2** | **107,7** | **94,1** | **-84,5** | **66,8** | **Жалпы баланс** |
| **-5,3** | **-100,2** | **-107,7** | **-94,1** | **84,5** | **-66,8** | **Каржылоо** |
| -1,8 | -100,2 | -106,1 | -98,6 | 89,8 | -86,1 | Улуттук банктын камдары |
| -6,7 | -4,7 | -6,9 | -2,4 | -9,0 | 14,6 | ЭВФтин кредиттери |
| 3,2 | 4,7 | 5,3 | 6,8 | 3,7 | 4,8 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | Жана башка каржылоо |

# I тиркеме: Таблицалар жана графиктер

## 1.1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу түрдө берүүдө)

***(млн. АКШ долларында)***

| | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 1 ж/ж 2007 | 1 ж/ж 2008 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **28,4** | **-38,4** | **-287,2** | **-228,3** | **-187,8** | **-451,7** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -184,3 | -450,5 | -968,5 | -1196,4 | -547,7 | -984,3 |
| Товарлар* | -170,6 | -418,7 | -886,5 | -1298,5 | -506,2 | -943,5 |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | 733,2 | 686,8 | 906,0 | 1337,0 | 607,2 | 745,9 |
| экспорт | 445,8 | 456,1 | 604,8 | 927,1 | 407,5 | 485,7 |
| порттордон алынуучу товарлар | — | — | — | — | — | — |
| монетардык эмес алтын | 287,4 | 230,7 | 206,0 | 224,8 | 107,0 | 167,2 |
| камтуу чөйрөсүнө түзөтүүлөр | — | — | 95,2 | 185,1 | 92,7 | 93,0 |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | — | — | — | — | — | — |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | -903,8 | -1105,5 | -1792,4 | -2635,5 | -1113,5 | -1689,4 |
| импорт (СИФ) | -939,0 | -1099,5 | -1715,8 | -2408,6 | -1042,8 | -1800,0 |
| нарк боюнча түзөтүүлөр | 69,9 | 86,3 | 138,7 | 158,0 | 67,8 | 117,6 |
| порттордон алынуучу товарлар | -3,4 | -2,8 | -2,4 | -8,4 | -0,2 | -7,0 |
| камтуу чөйрөсүнө түзөтүүлөр | -32,7 | -90,5 | -212,9 | -376,5 | -138,2 | — |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | 1,4 | 1,0 | — | — | — | — |
| Кызмат көрсөтүүлөр | -13,7 | -31,8 | -82,0 | 102,1 | -41,5 | -40,8 |
| экспорт | 209,8 | 259,4 | 378,7 | 684,3 | 242,0 | 405,5 |
| импорт | -223,5 | -291,3 | -460,8 | -582,2 | -283,4 | -446,3 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | -37,9 | -64,9 | -121,4 | -197,8 | -93,5 | -117,4 |
| экспорт | 50,8 | 60,6 | 56,6 | 139,3 | 58,9 | 95,7 |
| импорт | -88,7 | -125,5 | -178,0 | -337,1 | -152,4 | -213,1 |
| Темиржол транспорту | -37,6 | -57,0 | -89,1 | -177,7 | -76,3 | -113,9 |
| экспорт | 11,4 | 17,2 | 20,1 | 34,4 | 17,7 | 22,0 |
| импорт | -49,0 | -74,2 | -109,2 | -212,2 | -94,0 | -135,9 |
| Аба транспорту | 16,0 | 8,6 | -0,9 | 12,6 | -1,4 | 25,2 |
| экспорт | 32,7 | 36,5 | 32,2 | 92,5 | 35,8 | 68,9 |
| импорт | -16,7 | -27,9 | -33,0 | -79,9 | -37,2 | -43,7 |
| Автомобиль транспорту | -9,1 | -15,1 | -26,3 | -20,5 | -10,8 | -14,7 |
| экспорт | 4,6 | 2,3 | 1,7 | 2,9 | 0,8 | 0,8 |
| импорт | -13,6 | -17,4 | -28,0 | -23,5 | -11,6 | -15,6 |
| Транспорттун башка түрлөрү | -7,2 | -1,4 | -5,2 | -12,1 | -5,0 | -14,0 |
| экспорт | 2,1 | 4,4 | 2,6 | 9,5 | 4,5 | 4,0 |
| импорт | -9,3 | -5,9 | -7,8 | -21,6 | -9,6 | -18,0 |
| Кыдыруулар | 25,3 | 14,6 | 75,3 | 255,8 | 48,1 | 41,6 |
| экспорт | 75,6 | 73,0 | 167,0 | 345,5 | 104,7 | 171,2 |
| импорт | -50,3 | -58,4 | -91,6 | -89,7 | -56,6 | -129,6 |
| Ишкердик кыдыруулар | 5,9 | 0,5 | 23,2 | 101,0 | 15,0 | 4,9 |
| экспорт | 32,5 | 31,4 | 71,8 | 148,6 | 45,0 | 73,6 |
| импорт | -26,6 | -30,9 | -48,6 | -47,6 | -30,0 | -68,7 |
| Жеке кыдыруулар | 19,5 | 14,2 | 52,1 | 154,8 | 33,1 | 36,7 |
| экспорт | 43,1 | 41,6 | 95,2 | 196,9 | 59,7 | 97,6 |
| импорт | -23,6 | -27,4 | -43,1 | -42,2 | -26,6 | -60,9 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 1,9 | 0,4 | 4,2 | 4,6 | 2,7 | 2,6 |
| экспорт | 8,0 | 6,4 | 10,1 | 12,0 | 5,7 | 8,0 |
| импорт | -6,1 | -6,0 | -5,9 | -7,4 | -3,0 | -5,5 |
| Курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр | 6,8 | 16,8 | 16,4 | 5,0 | 3,8 | -9,6 |
| экспорт | 8,3 | 19,0 | 19,7 | 16,8 | 7,2 | 13,0 |
| импорт | -1,6 | -2,1 | -3,3 | -11,8 | -3,4 | -22,6 |
| Камсыздандыруу жагынан кызмат көрсөтүүлөр | -13,0 | -14,7 | -16,9 | -4,4 | -3,1 | 4,2 |
| экспорт | 0,2 | 0,2 | 1,4 | 5,0 | 1,6 | 7,5 |
| импорт | -13,2 | -14,9 | -18,3 | -9,4 | -4,7 | -3,3 |

* Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен

| 2007 | | | | 2008 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | |
| **-126,0** | **-61,8** | **77,1** | **-117,6** | **-255,9** | **-195,8** | **Күндөлүк операциялар эсеби** |
| -245,2 | -302,5 | -242,6 | -406,1 | -416,1 | -568,2 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -204,0 | -302,2 | -324,8 | -467,5 | -419,8 | -523,7 | Товарлар* |
| 299,6 | 307,6 | 354,0 | 375,7 | 318,3 | 427,6 | Товарлардын экспорту (ФОБ) |
| 202,1 | 205,4 | 245,4 | 274,2 | 197,9 | 287,9 | экспорт |
| — | — | — | — | — | — | порттордон алынуучу товарлар |
| 51,2 | 55,9 | 62,4 | 55,3 | 73,9 | 93,2 | монетардык эмес алтын |
| 46,4 | 46,4 | 46,2 | 46,2 | 46,5 | 46,5 | камтуу чөйрөсүнө түзөтүүлөр |
| — | — | — | — | — | — | кайра иштетүү үчүн товарлар |
| -503,6 | -609,8 | -678,8 | -843,2 | -738,1 | -951,3 | Товарлардын импорту (ФОБ) |
| -488,3 | -554,5 | -627,7 | -738,0 | -785,8 | -1014,2 | импорт (СИФ) |
| 31,2 | 36,6 | 41,4 | 48,8 | 50,3 | 67,3 | нарк боюнча түзөтүүлөр |
| -0,1 | -0,1 | -0,1 | -8,1 | -2,6 | -4,4 | порттордон алынуучу товарлар |
| -46,4 | -91,7 | -92,3 | -146,0 | — | — | камтуу чөйрөсүнө түзөтүүлөр |
| — | — | — | — | — | — | кайра иштетүү үчүн товарлар |
| -41,1 | -0,3 | 82,1 | 61,4 | 3,6 | -44,4 | Кызмат көрсөтүүлөр |
| 95,3 | 146,6 | 219,7 | 222,5 | 180,6 | 225,0 | экспорт |
| -136,5 | -147,0 | -137,6 | -161,2 | -176,9 | -269,4 | импорт |
| -48,1 | -45,4 | -54,5 | -49,9 | -43,2 | -74,3 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр |
| 21,3 | 37,6 | 34,8 | 45,6 | 47,9 | 47,8 | экспорт |
| -69,5 | -82,9 | -89,3 | -95,4 | -91,1 | -122,0 | импорт |
| -35,7 | -40,6 | -47,5 | -53,9 | -45,3 | -68,5 | Темиржол транспорту |
| 9,0 | 8,7 | 8,7 | 8,0 | 9,5 | 12,5 | экспорт |
| -44,7 | -49,3 | -56,2 | -61,9 | -54,9 | -81,0 | импорт |
| -4,5 | 3,2 | 2,2 | 11,8 | 14,4 | 10,8 | Аба транспорту |
| 10,2 | 25,6 | 23,3 | 33,4 | 35,1 | 33,8 | экспорт |
| -14,7 | -22,5 | -21,1 | -21,6 | -20,7 | -23,0 | импорт |
| -5,4 | -5,3 | -4,9 | -4,8 | -6,0 | -8,7 | Автомобиль транспорту |
| 0,5 | 0,4 | 0,6 | 1,5 | 0,2 | 0,6 | экспорт |
| -5,9 | -5,7 | -5,6 | -6,3 | -6,2 | -9,3 | импорт |
| -2,5 | -2,6 | -4,2 | -2,9 | -6,2 | -7,8 | Транспорттун башка түрлөрү |
| 1,7 | 2,9 | 2,2 | 2,7 | 3,1 | 0,9 | экспорт |
| -4,1 | -5,5 | -6,4 | -5,6 | -9,3 | -8,7 | импорт |
| 15,4 | 32,7 | 114,7 | 93,0 | 12,4 | 29,2 | Кыдыруулар |
| 40,2 | 64,5 | 121,4 | 119,4 | 64,9 | 106,3 | экспорт |
| -24,8 | -31,8 | -6,7 | -26,4 | -52,5 | -77,1 | импорт |
| 4,2 | 10,9 | 48,6 | 37,3 | 0,1 | 4,9 | Ишкердик кыдыруулар |
| 17,3 | 27,7 | 52,2 | 51,3 | 27,9 | 45,7 | экспорт |
| -13,1 | -16,9 | -3,6 | -14,0 | -27,8 | -40,9 | импорт |
| 11,3 | 21,8 | 66,0 | 55,6 | 12,3 | 24,4 | Жеке кыдыруулар |
| 22,9 | 36,8 | 69,2 | 68,1 | 37,0 | 60,6 | экспорт |
| -11,6 | -14,9 | -3,2 | -12,4 | -24,7 | -36,2 | импорт |
| 1,4 | 1,3 | 1,4 | 0,4 | 1,2 | 1,4 | Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү |
| 2,9 | 2,9 | 3,5 | 2,7 | 3,7 | 4,3 | экспорт |
| -1,4 | -1,6 | -2,1 | -2,3 | -2,5 | -2,9 | импорт |
| 0,3 | 3,5 | 0,7 | 0,6 | -2,7 | -6,9 | Курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр |
| 1,8 | 5,4 | 5,8 | 3,8 | 4,6 | 8,4 | экспорт |
| -1,5 | -1,9 | -5,1 | -3,3 | -7,3 | -15,3 | импорт |
| -1,6 | -1,4 | -2,2 | 0,8 | 2,7 | 1,5 | Камсыздандыруу жагынан кызмат көрсөтүүлөр |
| 0,8 | 0,9 | 0,2 | 3,2 | 3,2 | 4,3 | экспорт |
| -2,4 | -2,3 | -2,3 | -2,4 | -0,5 | -2,9 | импорт |

* Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен

## 1.1-таблица (уландысы)

| | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 1 ж/ж 2007 | 1 ж/ж 2008 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | -10,8 | -0,7 | -1,6 | -5,4 | -0,3 | 2,0 |
| экспорт | 1,9 | 3,8 | 2,0 | 3,7 | 1,8 | 5,1 |
| импорт | -12,7 | -4,4 | -3,6 | -9,0 | -2,1 | -3,0 |
| Компьютердик ж-а маалымат жагынан кызмат көрсөтүүлөр | -2,5 | -1,0 | -0,4 | -3,2 | -0,8 | -0,8 |
| экспорт | 0,7 | 1,2 | 1,3 | 1,1 | 0,4 | 4,9 |
| импорт | -3,3 | -2,2 | -1,7 | -4,4 | -1,3 | -5,7 |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 12,5 | 21,6 | 22,5 | 25,5 | 10,3 | 7,3 |
| экспорт | 17,3 | 25,9 | 27,3 | 30,7 | 13,1 | 10,7 |
| импорт | -4,8 | -4,2 | -4,8 | -5,2 | -2,7 | -3,4 |
| Ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | 1,7 | 10,2 | -40,5 | 2,9 | -7,9 | -1,4 |
| экспорт | 38,4 | 62,7 | 83,1 | 84,8 | 35,2 | 42,7 |
| импорт | -36,7 | -52,5 | -123,7 | -82,0 | -43,1 | -44,1 |
| анын ичинде, техникалык жардам | -20,8 | -21,0 | -21,1 | -20,4 | -10,1 | -10,1 |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөр | 2,4 | -14,3 | -19,8 | 19,1 | -0,8 | 30,8 |
| экспорт | 8,6 | 6,7 | 10,2 | 45,3 | 13,3 | 46,6 |
| импорт | -6,3 | -21,0 | -29,9 | -26,2 | -14,1 | -15,9 |
| Кирешелер | -102,2 | -88,2 | -48,2 | -52,4 | -38,4 | -66,4 |
| Эмгекке төлөөлөр | -14,2 | -20,4 | -24,2 | -20,8 | -10,5 | -11,1 |
| Инвестициялардан түшкөн кирешелер | -88,0 | -67,8 | -24,0 | -31,6 | -27,9 | -55,3 |
| Тике инвестициялар | -57,6 | -36,0 | -39,8 | -39,5 | -31,3 | -51,4 |
| Бөлүштүрүлгөн пайда | — | -2,3 | -14,0 | -0,2 | -1,3 | -3,1 |
| Реинвестицияланган кирешелер | -48,0 | -30,7 | -21,0 | -33,6 | -25,4 | -45,8 |
| Карыздан алынган кирешелер (пайыздар) | -9,5 | -3,0 | -4,8 | -5,8 | -4,6 | -2,5 |
| Портфелдик инвестициялар | 0,1 | — | 0,1 | 0,2 | 0,1 | 0,3 |
| Башка инвестициялар | -30,5 | -31,8 | 15,8 | 7,7 | 3,3 | -4,2 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -36,3 | -36,2 | -19,9 | -25,7 | -11,4 | -16,5 |
| АКЖО (ОДКР) | -1,0 | -1,0 | -0,9 | -0,8 | -0,4 | -0,4 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | -30,2 | -30,9 | -16,9 | -17,7 | -8,0 | -11,0 |
| Банктар | 0,4 | 0,1 | -1,6 | -5,6 | -2,3 | -3,9 |
| Башка секторлор | -5,5 | -4,4 | -0,5 | -1,6 | -0,8 | -1,2 |
| Башка инвестиялар боюнча ж.б. кирешелер | 5,7 | 4,4 | 35,6 | 33,4 | 14,8 | 12,3 |
| Күндөлүк трансферттер | 314,9 | 500,3 | 729,5 | 1020,5 | 398,3 | 598,9 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 23,7 | 23,0 | 12,4 | 30,9 | 12,4 | 15,2 |
| Товардык гранттар | 13,6 | 14,7 | 10,4 | 11,5 | 3,7 | 2,0 |
| Техникалык жардам | — | — | — | — | — | — |
| Эларалык уюмдарга төлөмдөр | -1,9 | -1,6 | -4,7 | -3,4 | -1,3 | -1,8 |
| Акчалай гранттар | 12,0 | 10,0 | 6,7 | 22,8 | 10,0 | 15,0 |
| Башка секторлор | 291,2 | 477,3 | 717,1 | 989,6 | 385,9 | 583,8 |
| Иштеп жүргөндөрдүн акчалай которуулары | 270,0 | 448,7 | 686,7 | 953,4 | 367,7 | 560,1 |
| Түшүүлөр | 285,4 | 481,5 | 730,6 | 1023,2 | 399,2 | 590,3 |
| Агылып чыгуу | -15,4 | -32,8 | -43,9 | -69,8 | -31,5 | -30,2 |
| Башка трансферттер | 21,2 | 28,6 | 30,4 | 36,2 | 18,3 | 23,7 |
| **Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** | **-4,2** | **-28,1** | **100,0** | **-48,0** | **66,3** | **123,7** |
| Капитал менен операциялар эсеби | -19,9 | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -50,4 | -16,0 |
| Капиталдык трансферттер | -19,9 | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -50,4 | -16,0 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 22,7 | 23,1 | 29,4 | 36,3 | 15,3 | 17,3 |
| Товар түрүндөгү гранттар | 2,7 | 3,1 | 9,4 | 16,3 | 5,3 | 7,3 |
| Техникалык жардам | 20,0 | 20,0 | 20,0 | 20,0 | 10,0 | 10,0 |
| Башка секторлор | -42,6 | -43,7 | -73,3 | -111,2 | -65,7 | -33,3 |
| Элдин көчүп кетүүсүнө байланыштуу трансферттер* | -43,8 | -63,5 | -73,6 | -119,8 | -69,1 | -33,5 |
| Түшүүлөр | 9,6 | 8,7 | 8,1 | 9,4 | 4,5 | 3,9 |
| Агылып чыгуу | -53,4 | -72,2 | -81,7 | -129,1 | -73,6 | -37,4 |
| Карызды жокко чыгаруу | — | 19,0 | — | — | — | — |
| Башка трансферттер | 1,2 | 0,8 | 0,3 | 8,6 | 3,4 | 0,3 |

* 2005-жылдын III чейрегинен тартып Улуттук банктын берген баасы боюнча маалыматтар

| 2007 | | | | 2008 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | |
| -0,4 | — | -4,3 | -0,8 | -1,0 | 3,1 | Финансылык кызмат көрсөтүүлөр |
| 0,9 | 0,9 | 0,7 | 1,1 | 0,3 | 4,7 | экспорт |
